КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН
ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО КҮНҮ
17-НОЯБРЬ 2024

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ • КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА •

# Республикалык бюджеттин каражаттарынан шайлоону уюштурууну жана өткөрүүнү каржылоо

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү каржылык камсыз кылуунун укуктук негиздери

- **«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 14-июлундагы № 98 Мыйзамы (ред.2.082024-ж. №158, 30.09.2024-ж. №167)**
- **«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 30-июнундагы № 62 Мыйзамы**
- **Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына, аймактык жана участкалык шайлоо комисияларына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө Жобо (КР БШКнын 2020-жылдын 26-июнундагы № 114 токтому)**
- **Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы № 59 Бюджеттик кодекси жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарынын тутумуна кирген башка ченемдик укуктук актылар**

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуунун каржылык негиздери

- Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларынын чыгымдары **республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен** жүргүзүлөт.
- Шайлоо комиссиялары шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдарды жылга республикалык бюджет жана пландык мезгил жөнүндө КР мыйзамы менен белгиленген, Бобордук шайлоо комиссиясы бекиткен **чыгашалардын сметасына** ылайык ишке ашырат.
- Чыгашалардын сметасы шайлоо процессинин бардык деңгээлинде (БШК, АШК, УШК) шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл болгон чыгашалардын бардык топторун пландаштыруу үчүн иштелип чыккан КР ченемдик укуктук актыларында белгиленген нормаларды, коэффициенттерди, лимиттерди, ставкаларды эске алуу менен түзүлөт.

# Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуунун каржылык негиздери

- Чет өлкөлүк мамлекеттер, чет өлкөлүк мамлекеттик органдар, мекемелер жана ишканалар, башка чет өлкөлүк юридикалык жактар, алардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү, чет өлкөлүк жарандар, эл аралык уюмдар, шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү программаларын, маалыматтык, билим берүүчүлүк, илимий-изилдөөчүлүк программаларды, шайлоочулардын укуктук маданиятын жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатууну **кошпогондо**, чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар катышуучу болуп саналган, Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактар тарабынан шайлоону финансылоого **тыюу салынат**

# Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо шайлоо комиссияларынын чыгымдары

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 27-сентябрындагы № 584-р буйругуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 6-9340/24 чечими менен Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы 2024-жылга Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасын **520 918,0** миң сом суммасында бекитилди.
- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2024-жылдын 23-сентябрындагы № 133 токтому менен 2024-жылдын 17-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүүгө чыгымдардын сметасы **495 718,4** миң сом суммасында бекитилди.
- Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерин шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгашалар **434 834,5** миң сом, үнөмдөлгөн **86 083,5** миң сомду түзөт.
- **86 083,5 миң сом суммасында бюджетти үнөмдөө төмөнкүлөрдөн турат:**
- **25 199,6** миң сом - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бөлүнгөн смета (**520 918,0** миң сом) менен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген сметанын (**495 718,4** миң сом) ортосундагы айырма.
- **60 883,9** миң сом – Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген сметанын айырмасы (**495 718,4** миң сом) менен **434 834,5** миң сом өлчөмүндө иш жүзүндөгү чыгымдардын айырмасы.
- **Акчаны үнөмдөөгө төмөндөгүлөр себеп болду:** жаңы шайлоо техникасын колдонууга байланыштуу участкалык шайлоо комиссияларынын курамын оптималдаштыруу (**27676,8** миң сом суммасында **3862** адам); «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү; партнердук уюмдар тарабынан кээ бир басма сөз информациялык материалдарды чыгаруу.

# ФИНАНСОВЫЙ ОТЧЕТ ОБ ИСПОЛНЕНИИ СМЕТЫ РАСХОДОВ НА ПОДГОТОВКУ И ПРОВЕДЕНИЕ МЕСТНЫХ ВЫБОРОВ, НАЗНАЧЕННЫХ НА 17 НОЯБРЯ 2024 ГОДА

Количество ТИК-56
Количество членов ТИК- 674
Количество УИК-2439
Количество членов УИК- 30715
Количество привлеченных операторов УИК-1031
Количестово привлеченных операторов ГТП - 600
Сотрудников МВД - 4990

| Наименование расходов | Утвержденная смета | | | Фактические расходы | | | Остаток не использованных средств (экономия) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **ВСЕГО** | ЦИК КР | ТИК | **ВСЕГО** | ЦИК КР | ТИК | **ВСЕГО** | ЦИК КР | ТИК |
| **Итого:** | **495 718 400** | **201 880 600** | **293 837 800** | **434 834 476** | **168 763 141** | **266 071 335** | **60 883 924** | **33 117 459** | **27 766 465** |
| Зарплата | **213 738 400** | 43 284 400 | 170 454 000 | **189 622 595** | 34 616 595 | 155 006 000 | **24 115 805** | 8 667 805 | 15 448 000 |
| Отчисления в Соцфонд 17,25% | **36 868 500** | 7 466 500 | 29 402 000 | **32 709 898** | 5 971 363 | 26 738 535 | **4 158 602** | 1 495 137 | 2 663 465 |
| Расходы на служебные поездки | **7 785 600** | 6 600 000 | 1 185 600 | **4 206 325** | 3 020 725 | 1 185 600 | **3 579 275** | 3 579 275 | - |
| Услуги связи | **6 800 000** | 6 800 000 | - | **6 575 771** | 6 575 771 | | **224 229** | 224 229 | - |
| Арендная плата | **500 000** | 500 000 | - | **-** | | | **500 000** | 500 000 | - |
| Транспортные расходы | **23 911 500** | 1 060 000 | 22 851 500 | **23 844 272** | 992 772 | 22 851 500 | **67 228** | 67 228 | - |
| Приобретение прочие расходы и услуги | **160 114 400** | 90 169 700 | 69 944 700 | **139 265 774** | 78 976 074 | 60 289 700 | **20 848 626** | 11 193 626 | 9 655 000 |
| Приобретение предметов и материалов для текущих хоз целей | **36 000 000** | 36 000 000 | - | **30 041 980** | 30 041 980 | - | **5 958 020** | 5 958 020 | - |
| Машины и оборудование | **10 000 000** | 10000000 | 0 | **8567861** | 8567861 | | **1 432 139** | 1432139 | |

# ИНФОРМАЦИЯ О ФАКТИЧЕСКИ ИЗРАСХОДОВАННЫХ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ НА ПОДГОТОВКУ И ПРОВЕДЕНИЕ ВЫБОРОВ ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ

| Наименование расходов | Финансовый отчет об исполнении сметы расходов на подготовку и проведение местного кенеша КР | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | В соответствии с Распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 27 сентября 2024 года №584-р, выделено смета на выборы МК - 520 918, 0 тыс. сомов. | Постановлением ЦИК КР от 23.09.2024 года №133 утверждена смета в сумме 495 718,4 тыс. сомов | Разница между выделенной Министерством финансов КР сметы (520 918, 0 тыс. сомов) и утвержденной ЦИК сметы (495 718,4 тыс. сомов). | Фактически израсходовано | Разница между утвержденной ЦИК сметой (495 718,4 тыс. сомов) и фактически произведенными расходами в сумме 434 834,5 тыс. сомов. | Всего остаток не использованных бюджетных средств (экономия) |
| **Итого:** | **520 918,0** | **495 718,4** | **25 199,6** | **434 834,5** | **60 883,9** | **86 083,5** |
| Зарплата | **218 985,0** | 213 738,4 | **5 246,6** | 189 622,6 | 24 115,8 | **29 362,4** |
| Отчисления в Соцфонд 17,25% | **39 500,0** | 36 868,5 | **2 631,5** | 32 709,9 | 4 158,6 | **6 790,1** |
| Расходы на служебные поездки | **8 200,0** | 7 785,6 | **414,4** | 4 206,3 | 3 579,3 | **3 993,7** |
| Услуги связи | **7 500,0** | 6 800,0 | **700,0** | 6 575,8 | 224,2 | **924,2** |
| Арендная плата | **500,0** | 500,0 | **0,0** | 0,0 | 500,0 | **500,0** |
| Транспортные расходы | **30 000,0** | 23 911,5 | **6 088,5** | 23 844,3 | 67,2 | **6 155,7** |
| Приобретение прочие расходы и услуги | **168 787,0** | 160 114,4 | **8 672,6** | 139 265,7 | 20 848,7 | **29 521,3** |
| Приобретение предметов и материалов для текущих хоз целей | **37 446,0** | 36 000,0 | **1 446,0** | 30 042,0 | 5 958,0 | **7 404,0** |
| Машины и оборудование | **10 000,0** | 10 000,0 | **0,0** | 8 567,9 | 1 432,1 | **1 432,1** |

**Справочно: Сумма расходов на 1-го избирателя оставила 105,15 сомов.** (Всего расходов 429 249,0 сом/ на количество избирателей 4135039 чел.=105,15 сом).

# Чыгашалардын сметасы: Негизги багыттар

- **Төмөндөгү сандык маалыматтарды эске алуу менен эсептелинген:**

  - АШК саны – 56, АШК мүчөлөрүнүн саны менен **– 674** адам,
  - УШК саны – 2439, УШК мүчөлөрүнүн саны менен – **30715** адам,
  - АЭУ ишке тартылган операторлорунун саны – **1031** адам,
  - ишке тартылган ТКТ(ГТП) саны – **600** адам,
  - шайлоо алдындагы күнү, ошондой эле шайлоо күнү коопсуздукту жана тартипти камсыз кылуу үчүн тартылган ИИМ кызматкерлери – **4990** адам.

**Маалымат иретинде:**

2024-жылы шайлоо комиссияларына төлөмдөрдү төлөө тартибине өзгөртүүлөр киргизилген. Алсак, мамлекеттик бюджет саясатын ишке ашыруунун алкагында ачык-айкындуулукту жана отчеттуулукту камсыз кылуу максатында шайлоо комиссияларын финансылык колдоо борборлоштурулган «Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп» автоматташтырылган маалыматтык тутуму (АИС) аркылуу ишке ашырылды, бул өз кезегинде жергиликтүү кеңештерди шайлоого тартылган **29 миң** шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана адистерди бекитилген сметага ылайык накталай эмес формада «Элдик Банк» ААК жана «Айыл Банк» ААК банк мекемелери аркылуу каржылоого мүмкүндүк берди.

# Жергиликтүү кеңештерди шайлоодо чыгашалардын сметасын түзүүнүн өзгөчөлүктөрү

**Маалымат иретинде:**

- Смета шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө зарыл блогон товарларды жана кызматтарды сатып алууга чыгымдарды – кызматтык баруларга жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн жана жабдуулардын операторлорун окутуу иш-чараларына, байланыш кызматтарына  чыгымдарды, жабдууларды жана материалдарды жеткирүүгө транспорттук чыгымдарды, аймактардын ичинде шайлоочуларды биометрикалык идентификациялоо боюнча жабдууларды, компьютердик техникалардын комплекттерин, бюллетендерди  кабыл алуу жана иштеп чыгаруу үчүн автоматтык эсептөө жабдууларын, маалымат материалдарын,  анын ичинде баннерлерди, кеңсе буюм-тайымдарын жеткирүү боюнча чыгымдарды камтыйт.
- Борбордук шайлоо комиссиясы товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык борборлоштурулуп сатып алат.

# Шайлоолорду өткөрүүдө чыгашалардын сметасын түзүүнүн жана аткарылышынын ачык-айкындыгы

Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө бекитилген *чыгашалардын сметасы,* ошондой эле *республикалык бюджеттин каражаттарын чыгымдоо жөнүндө финасылык отчет* мыйзамдарда белгиленген мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына **милдеттүү тартипте** жарыяланат.




**[http://shailoo.gov.kg](http://shailoo.gov.kg)**